Педагогикалык кеңеш тарабынан
кабыл алынган
Буйрук №43
«29» август 2022-ж.

БЕКИТЕМИН
Мектеп жетекчиси
_____ Алчынбаева Н.Н.
«___»_______2022-ж.

## «Майлуу -Суу шаарындагы №8 жалпы билим берүү орто мектеби» мекемесинин натыйжаларына жетишүү жөнүндө ЖОБОСУ

Мектептеги предметтик окутуу, тарбиялоо, окуучулардын аң-сезиминин өсүп- өнүгүүсү, коомдук мамиле баалуулуктар менен тааныштырууну камтыган мазмуну анын билим берүүсүнүн өзөгүн түзөт. Социалдык жана экономикалык өнүгүүлөрдүн тез өзгөрүлүү учур заманда, орто мектептердин стандарттарына, программаларына жана окуу пландарына белгилүү бир өзгөртүүлөрдү киргизүү, чындыгында , билим берүүнүн жаңы натыйжаларына жетишүү үчүн шарттардын бири болуп саналат. Жаңы технологиялар өнүгүп турганда билим берүү тармагына да жаңыча көз караш жана жаңы шарттар менен мамиле кылуу зарылчылыгы жетилди , алар

- милдетүү түрдө мектепке чейинки даярдык,
- стандарттарды жаңы муундагы окуу китептерин иштеп чыгуу,
- улутту баалоону киргизүү, электрондук тестирлөө,
- мугалимдерди окутуунун альтернативдүү методдорун киргизүү,
- мамлекеттик тилди окутуунун методикасын өзгөртүү,
- чет тилди окутуу сааттарын көбөйтүү,
- гуманитардык сабактарды окутууга басым жасоо,
- интернеттин баардык окуучуларга жеткиликтүү болушун көзөмөлдөө,
- билим берүүнү санариптикке өткөрүү.

Мектептеги билим деңгээлин жогорулатуунун бирден -бир шарты окуучулардын предметтик жумалык окуу жүгүн азайтуу процесси, булар учун Кыргыз Республикасынын Өкмөтү Кыргыз Республикасынын мектептик билим берүү тутумуна жаңы муундун стандарттарын этап-этабы менен киргизүү жөнүндө чечим кабыл алынды: 2016-2017-жылдары 1-4, 5-9-класстар үчүн жаңы муундун предметтик стандарттарын иштеп чыгып, 2018-2020-окуу жылында ишке ашырууну колго алды.

Билим берүүнүн шарттарын жогорулатыш үчүн «Майлуу -Суу шаарындагы №8 жалпы билим берүү орто мектеби» мекемесинин төмөнкүлөргө басым жасайт:

- Билимдүү - кесипкей мугалимдерди жумушка тартуу.
- Билим берүүдөгү жаңы методикаларды колдонуу.
- Окуучулардын жана ата-энелердин суроо-талаптарын анализдөө.
- Мектепти санариптештирүү боюнча ар кандай булактар менен иштешүү.
- Предметтик ийримдердин иштешине басым жасоо.
- Окуучулардын жөндөмдүүлүгүн арттыруучу ийримдерди уюштуруп, иш алып баруу.
- Жалпы окуган окуучуларга көбүрөөк үй иштерин тапшыруу.
- Окууда болгон жетишкендиктери үчүн окуучуларды моралдык, материалдык жактан сыйлоо.